# Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарты (IFRS) 6

## *«Пайдалуу кендердин запастарын чалгындоо жана баалоо»*

## Максаты

1 Ушул ФОЭСтин максаты *пайдалуу кендердин запастарын чалгындоо жана баалоо* жагынан финансылык отчеттуулукту жүргүзүү тартибин баяндап жазуу болуп саналат.

2 Атап айтканда, ушул ФОЭС төмөнкүлөрдү талап кылат:

(a) *чалгындоого жана баалоого байланыштуу чыгымдардын* бухгалтердик эсебинин колдонулуучу методдорун чектелүү жакшыртууну.

(b) *чалгындоо жана баалоо менен байланышкан активдерди* тааныган ишканалардан ушул ФОЭСке ылайык ушундай активдердин наркынын түшүшүн текшерүүнү жана «Активдердин наркынын түшүшү» ФОЭС (IFRS) 36га ылайык кандай болбосун нарктын түшүшүн баалоону.

(c) пайдалуу кендерди чалгындоонун жана баалоонун натыйжасында келип чыккан ишкананын финансылык отчеттуулугундагы суммаларды аныктоочу жана түшүндүрүүчү маалыматтарды ачып көрсөтүүнү жана ушул финансылык отчеттуулукту пайдалануучулардын чалгындоо жана баалоо менен байланышкан кандай болбосун таанылган активдерден акча каражаттарынын келечектеги агымдарынын көлөмүн, мөөнөттөрүн жана пайда болуу ыктымалдуулугун түшүнүүлөрүнө жардам берет.

## Колдонуу чөйрөсү

3 Ишкана чалгындоого жана баалоого байланыштуу чыгымдарын эсепке алууда ушул ФОЭСти колдонуусу керек.

4 Ушул ФОЭС пайдалуу кендердин запастарын чалгындоо жана баалоо менен алектенген ишкана жүргүзгөн эсепке алуунун башка өңүттөрүн карабайт.

5 Ишкана өзү тарткан төмөнкү чыгымдарды эсепке алууда ушул ФОЭСти колдонбоого тийиш:

(a) пайдалуу кендердин запастарын чалгындоо жана баалоо боюнча жумуштар башталганга чейин, ишкананын белгилүү аймакта чалгындоо жумуштарын жүргүзүүгө юридикалык укук алганга чейинки тарткан чыгымдарын.

(b) пайдалуу кендерди казып алуунун техникалык жактан жүзөгө ашырылышы жана коммерциялык максатка ылайыктуулугу көз көрүнө болуп калгандан кийинки чыгымдарын.

## Чалгындоо жана баалоо менен байланышкан активдерди таануу

### ФОЭС (IAS) 8дин 11 жана 12-пункттарын колдонуудан убактылуу бошотуу

© ФОЭС Фонду

6 Чалгындоо жана баалоо менен байланышкан активдерди таануучу ишкана эсепке алуу саясатын иштеп чыгууда *«Эсеп саясаты, бухгалтердик баалоолордогу өзгөртүүлөр жана каталар»* ФОЭС (IFRS) 8дин 10-пунктун колдонушу керек.

7 ФОЭС (IFRS) 8дин 11-жана 12-пункттарында расмий талаптардын жана методологиялык принциптердин булактары көрсөтүлгөн, эгерде түздөн-түз ошол беренеге башка эч кандай ФОЭСтин колдонулушу жайылтылбаса, алар чыгымдардын белгилүү беренелерине карата эсеп саясатын иштеп чыгууда жетекчилик тарабынан көңүлгө алынышы керек. Төмөндө баяндалган ушул ФОЭСтин 9 жана 10-пункттарын эске алганда, ишкана чалгындоо жана баалоо менен байланышкан активдерди таануу жана баалоо үчүн өзүнүн эсеп саясатына карата бул пункттарды колдонуудан бошотулат.

## Чалгындоо жана баалоо менен байланышкан активдерди баалоо

### Таануу учурунда баалоо

8 Чалгындоо жана баалоо менен байланышкан активдер өздүк нарктары боюнча бааланат.

### Чалгындоо жана баалоо менен байланышкан активдердин өздүк наркынын элементтери

9 Ишкана чалгындоо жана баалоо менен байланышкан активдер катары кандай чыгымдар таанылары аныктоочу саясатты иштеп чыгышы керек, жана ошол саясатты ырааттуу колдонууга тийиш. Мындай аныктоодо ишкана чыгымдардын деңгээли конкреттүү пайдалуу кендердин запастарын табуу менен байланыштуу болоорун эсепке алуусу керек. Төмөндө чалгындоо жана баалоо менен байланышкан активдердин баштапкы наркына киргизиле турган чыгымдардын мисалдары көрсөтүлгөн (көрсөтүлгөн тизмек бардыгын камтыган болуп саналбайт):

(a) чалгындоо жумуштарын жүргүзүүгө укуктарды алууга чыгымдар;

(b) топографиялык, геологиялык, геохимиялык жана геофизикалык изилдөөлөргө чыгымдар;

(c) издөө-чалгындоо боюнча бургулоо иштерине чыгымдар;

(d) траншеяларды казуу иштерине чыгымдар;

(e) сынамыктарды жана үлгүлөрдү ылгоого жана алууга чыгымдар; жана

(f) пайдалуу кендерди казып алуунун техникалык жактан жүзөгө ашырылышын жана коммерциялык максатка ылайыктуулугун баалоо менен байланышкан чыгымдар.

10 Пайдалуу кендердин запастарын иштетүүгө кеткен чыгымдар, чалгындоо жана баалоо менен байланышкан активдер катары таанылбашы керек. *«Финансылык отчеттуулукту берүүнүн концептуалдык негиздери»* жана *«Материалдык эмес активдер»* ФОЭС (IAS) 38 иштетүү этабында пайда болгон активдерди таанууга карата көрсөтмөлөрдү камтыйт.

11 *«Бааланууучу милдеттенмелер, шарттуу милдеттенмелер жана шарттуу активдер»* ФОЭС (IAS) 37ге ылайык ишкана пайдалуу кендердин запастарын чалгындоону жана баалоону жүргүзүү иштеринин натыйжасында белгилүү мезгил ичинде келип чыккан

активдердин объекттерин жоюу же курчап турган чөйрөнү калыбына келтирүү боюнча ар кандай милдеттенмелерди тааныйт.

### Таануудан кийинки баалоо

12 Чалгындоо жана баалоо менен байланышкан активдерди тааныгандан кийин, ишкана аларга карата же болбосо баштапкы нарк боюнча эсепке алуу моделин, же болбосо кайталап бааланган нарк боюнча эсепке алуу моделин колдонушу керек. Эгерде кайталап бааланган нарк боюнча эсепке алуу модели (же болбосо *«Негизги каражаттар»* ФОЭС (IAS) 16да сыпатталган модель, же болбосо ФОЭС (IAS) 38де каралган модель) колдонулса, ал активдердин классификациясына ылайык келиши керек (15-пунктту караңыз).

### Эсеп саясатындагы өзгөртүүлөр

13 Эгерде өзгөртүүлөр экономикалык чечимдерди кабыл алууда, финансылык отчеттуулукту пайдалануучулар үчүн анын ишенимдүүлүгүн азайтпастан, финансылык отчеттуулукту кыйла жөндүү кылса, же ушул максаттар үчүн аны пайдалануунун жөндүүлүгүн азайтпастан, аны кыйла ишенимдүү кылса, ишкана чыгымдарга карата өзүнүн эсеп саясатын өзгөртө алат. Ишкана жөндүүлүк жана ишенимдүүлүк тууралуу ФОЭС (IAS) 8де камтылган критерийлердин негизинде баа бере алат.

14 Чалгындоого жана баалоого байланыштуу чыгымдарга карата эсеп саясатынын өзгөртүлүшүн негиздөө үчүн ишкана, бул өзгөртүүлөр ФОЭС (IAS) 8де камтылган финансылык отчеттуулуктун критерийлерине абдан ылайык келүүгө алып келерин, далилдеп көрсөтүүсү тийиш, бирок мында критерийлерге толук шайкеш келүүчүлүк талап кылынбайт.

## Маалыматтарды берүү

### Чалгындоо жана баалоо менен байланышкан активдерди классификациялоо

15 Ишкана чалгындоо жана баалоо менен байланышкан активдерди сатылып алынган мүнөзүнө жараша материалдык же материалдык эмес активдер катары классификациялоосу керек жана кабыл алынган классификацияны ырааттуу колдонууга тийиш.

16 Чалгындоо жана баалоо менен байланышкан кээ бир активдер материалдык эмес болуп саналат (мисалы, бургулоо жумуштарын жүргүзүүгө укук), ошол эле убакта башка активдер материалдык болуп саналат (мисалы, транспорт каражаттары жана бургулоочу жабдуулар). Материалдык эмес активди түзүүдө материалдык активди керектөө болуп өткөн өлчөмдө ушундай керектөөнү чагылдырган сумма тийиштүү материалдык эмес активдин баштапкы наркынын бир бөлүгүн түзөт. Ошентсе дагы, материалдык эмес активди түзүү үчүн материалдык активди пайдалануу материалдык активди материалдык эмес активге айландырып жибербейт.

### Чалгындоо жана баалоо менен байланышкан активдерди кайра классификациялоо

17 Пайдалуу кендерди казып алуунун техникалык жактан жүзөгө ашырылуусу жана коммерциялык максатка ылайыктуулугу көз көрүнө анык болуп калгандан кийин чалгындоо жана баалоо менен байланышкан активдерди ушундайлар катары классификацялоону уланта берүүгө болбойт. Кайра классификациялоонун алдында чалгындоо жана баалоо менен байланышкан активдерди нарктын түшүшүнө текшерүү жана нарктын түшүшүнөн кандай болбосун чыгымдарды таануу керек.

## Нарктын түшүшү

### Таануу жана баалоо

18 Эгерде фактылар жана жагдайлар чалгындоо жана баалоо менен байланышкан активдердин баланстык наркы орду толтурулуучу нарктан ашып кетет деп жоромолдоого мүмкүнчүлүк берсе, чалгындоо жана баалоо менен байланышкан активдер нарктын түшүп кетүүсүнө текшерилүүсү керек. Эгерде фактылар жана жагдайлар баланстык нарк калыбына келтирилип жаткан нарктан ашып кетет деп жоромолдоого мүмкүнчүлүк берсе, ишкана төмөндө 21-пунктта каралган өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен, ФОЭС (IAS) 36га ылайык нарктын түшүшүшүнөн келип чыгуучу кандай болбосун чыгымды көрсөтүшү жана ачып бериши керек.

19 Нарктын түшүшүнө кириптер болуучу активдер табылганда, чалгындоо жана баалоо менен байланышкан активдер үчүн гана ФОЭС (IFRS) 36нын 8–17-пункттары эмес, ушул ФОЭСтин 20-пункту колдонулушу керек. 20-пункт «активдер» терминин пайдаланат, бирок ошого эле тең чамалаш чалгындоо жана баалоо менен байланышкан өзүнчө активдерге карата, жана акча каражаттарын жаратуучу бирдикке карата дагы колдонулат.

20 Төмөндө саналган фактылардын же жагдайлардын бири же бир нечеси, ишкананын чалгындоо жана баалоо менен байланышкан активдерди нарктын түшүшүнө текшерүүсүнүн зарылдыгын көрсөтүп турат (көрсөтүлгөн тизмек толук болуп саналбайт):

(a) ишкана белгилүү аймакта чалгындоо жумуштарын жүргүзүүгө укугу бар мөөнөт отчеттук мезгилдин ичинде аяктаган же жакын арада аяктайт, ал эми анын узартылышы күтүлбөйт.

(b) белгилүү аймакта пайдалуу кендердин запастарын чалгындоону жана баалоону улантуу менен байланыштуу тартылган олуттуу чыгымдар, бюджетти пландаштыруу жана түзүү процессинде да эсепке алынган эмес.

(c) белгилүү аймакта пайдалуу кендердин запастарын чалгындоо жана баалоо пайдалуу кендердин запастарынын коммерциялык жактан пайдалуу санын табууга алып келген жок, жана ишкана бул аймакта көрсөтүлгөн жумуштарды жүргүзүүнү токтотууну чечти.

(d) бул аймакта иштетүүнүн улантылуусунун мүмкүн экендигине карабастан, ийгиликтүү иштетүүнүн жана сатып өткөрүүнүн натыйжасында чалгындоо жана баалоо менен байланышкан активдин баланстык наркынын ордун толук толтуруунун ыктымалдуулугу аз экендигин көрсөткөн маалыматтар жетиштүү санда.

Көрсөтүлгөн же ушуга окшош кандай гана болбосун учурларда ишкана ФОЭС (IAS) 36га ылайык нарктын түшүп кетүүсүнө тест жүргүзүүсү керек. Кандай

© ФОЭС Фонду

болбосун нарктын түшүшүнөн зыян ФОЭС (IAS) 36га ылайык чыгаша катары таанылат.

### Чалгындоо жана баалоо менен байланышкан активдерди нарктын түшүп кетүүсүнө текшерүүнүн деңгээлин аныктоо

21 Ишкана мындай активдерди нарктын түшүп кетүүсүнө текшерүү максатында акча каражаттарын жаратуучу бирдиктердин, же акча каражаттарын жаратуучу бирдиктердин топторунун ортосунда чалгындоо жана баалоо менен байланышкан активдерди бөлүштүрүү үчүн эсеп саясатын аныкташы керек. Чалгындоо жана баалоо менен байланышкан актив тийиштүү болгон ар бир акча каражаттарын жаратуучу бирдик же акча каражаттарын жаратуучу бирдиктердин тобу, *«Операциялык сегменттер»* ФОЭС (IFRS) 8ге ылайык аныкталган опреациялык сегменттин көлөмүнөн ашпашы керек.

22 Чалгындоо жана баалоо менен байланышкан активдерди тестирлөө максатында ишкана тарабынан аныкталган нарктын түшүп кетүүсүнүн деңгээли акча каражаттарын жаратуучу бир же бир нече бирдиктерден турушу мүмкүн.

## Маалыматты ачып көрсөтүү

23 Ишкана пайдалуу кендердин запастарын чалгындоонун жана баалоонун натыйжасында пайда болгон, финансылык отчеттуулукта таанылган сумманы аныктоочу жана түшүндүрүүчү маалыматы ачып көрсөтүүсү керек.

24 Ишкана 23-пунктту сактоо максатында төмөнкү маалыматты ачып көрсөтүүгө тийиш:

(a) чалгындоо жана баалоо менен байланышкан активдерди таанууну кошуп алганда, чалгындоого жана баалоого байланыштуу чыгымдарга карата ишкананын эсеп саясатын.

(b) пайдалуу кендердин запастарын чалгындоонун жана баалоонун натыйжасында пайда болуучу операциялык жана инвестициялык ишмердүүлүктөн активдердин, милдеттенмелердин, кирешелердин жана чыгашалардын суммаларын, ошондой эле акча каражаттарынын кыймылын.

25 Ишкана чалгындоо жана баалоо менен байланышкан активдерди активдердин өзүнчө классы катары карашы керек жана ушул активдер кандай классификацияланганына жараша же ФОЭС (IAS) 16нын, же болбосо ФОЭС (IAS) 38дин талаптарына ылайык маалыматты ачып көрсөтүшү керек.

## Күчүнө кирүү күнү

26 Ишкана ушул стандартты 2006-жылдын 1-январынан же ушул күндөн кийин башталуучу жылдык мезгилдер үчүн колдонушу керек. Мөөнөтүнөн мурда колдонуу кубатталат. Эгерде ишкана ушул ФОЭС 2006-жылдын 1-январына чейин башталган мезгилге карата колдонсо, анда ал бул фактыны ачып көрсөтүүгө милдеттүү.

26A 2018-жылы чыгарылган *“ФОЭС стандарттарынын концептуалдык негиздерине шилтемелерге карата түзөтүүлөр”* 10-пунктта түзөтүү киргизген. Ишкана бул түзөтүүнү 2006-жылдын 1-январынан же ушул күндөн кийин башталуучу жылдык мезгилдер үчүн колдонушу керек. Эгерде ошол эле убакта ишкана *“ФОЭС стандарттарынын*

*концептуалдык негиздерине шилтемелерге карата түзөтүүлөр"* киргизген бардык башка түзөтүүлөрдү дагы колдонсо, мөөнөтүнөн мурун колдонууга уруксат берилген. Ишкана ФОЭС (IFRS) 6га карата түзөтүүнү *«Эсеп саясаты, эсептик баалоолордогу өзгөртүүлөр жана каталар»* ФОЭС (IAS) 8ге ылайык ретроспективдүү колдонушу керек. Бирок, эгерде ишкана ретроспективдүү колдонуу практикада мүмкүн эмес же ашыкча чыгымдарды же күч-аракеттерди талап кылат деп аныктаса, ал ФОЭС (IFRS) 8дин 23–28, 50–53 жана 54F-пункттарына шилтеме жасоо менен, ФОЭС (IFRS) 6га карата түзөтүүнү колдонушу керек.

## Өткөөл мезгилдин шарттары

27 Эгерде 2006-жылдын 1-январына чейин башталуучу жылдык мезгилге тийиштүү салыштырмалуу маалыматка карата 18-пункттун атайын талаптары колдонула турган болсо, анда ишкананын бул фактыны ачып көрсөтүүгө милдеттүү болушу иш жүзүндө мүмкүн эмес. ФОЭС (IAS) 8 «практикада колдонуу мүмкүн эмес» терминининин маанисин чечмелейт.

© ФОЭС Фонду

## А тиркемеси

## ТЕРМИНДЕРДИН АНЫКТАМАСЫ

*Бул тиркеме ушул ФОЭСтин ажырагыс бөлүгү болуп саналат.*

| | |
|---|---|
| **чалгындоо жана баалоо менен байланышкан активдер** | Чалгындоого жана баалоого байланыштуу чыгымдар ишкананын эсеп саясатына ылайык активдер катары таанылат. |
| **чалгындоого жана баалоого байланыштуу чыгымдар** | Пайдалуу кендерди казып алуунун техникалык жактан жүзөгө ашырылышы жана коммерциялык максатка ылайыктуулугу айкын болгонго чейин ишкананын пайдалуу кендердин запастарын чалгындоого жана баалоого байланыштуу тарткан чыгымдары. |
| **пайдалуу кендердин запастарын чалгындоо жана баалоо** | Ишкана белгилүү бир аймакта чалгындоо жумуштарын жүргүзүүгө мыйзамдуу укук алгандан кийин пайдалуу кендердин запастарын, анын ичинде минералдык чийки затты, мунайды, жаратылыш газын жана аларга окшош калыбына келбей турган ресурстарды издөө, ошондой эле пайдалуу кендерди өндүрүүнүн техникалык жүзөгө ашырылышын жана коммерциялык максатка ылайыктуулугун аныктоо. |

© ФОЭС Фонду